КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

____________________№____________

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан берилген балык чарба чөйрөсүндөгү ченем жаратуучу ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жөнүндө**

Балык чарбасы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны мындан ары өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомунун 1-тиркемесинин 13-пунктуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Бекитилсин:

– Балык запастарын жана алардын жашоо чөйрөсүн коргоо эрежелеринин тартиби 1-тиркемеге ылайык;

– Кыргыз Республикасынын көлмөлөрүндө балык чарбаларын уюштуруу жана балык уулоону жүргүзүү үчүн көлмөлөрдү жана балык уулоо участокторун бекитүүнүн тартиби 2-тиркемеге ылайык;

– Балык өстүрүү-биологиялык ченемдерин жана балык чарбаларда товардык балыктарды жана балык өндүрүүчү материалдарды өстүрүүнүн эрежелери 3-тиркемеге ылайык;

– Илимий-изилдөө максатында балык уулоого, контролдук уулоо үчүн, балык өстүрүү-мелиорациялык иштерди жүргүзүүгө, климатташтырууга, балык көбөйтүүгө жана аларды кайра өндүрүүгө документтерди жана билеттерди берүүнүн жана пайдалануунун тартиби 4-тиркемеге ылайык;

– Балык запастарын жасалма жол менен кайра өндүрүү максатында өндүрүш балыктарын өндүрүүчүлөрүн атайын уулоо боюнча иштерди жүргүзүүнүн тартиби 5-тиркемеге ылайык;

– Балыкчылык, балык өстүрүү жана балык уулоо максаттары үчүн көлмөлөрдү юридикалык жана жеке жактарга конкурстук негизде берүүнүн тартиби 6-тиркемеге ылайык;

– Балык уулоо жана балык өстүрүү максатында юридикалык жана жеке жактарга бекитилип берилген көлмөлөрдө жана балык уулоо тилкелеринде егердик кызматты уюштуруунун жана иштетүүнүн тартиби 7-тиркемеге ылайык;

– Балык чарба көлмөлөрүндө жана балык уулоо тилкелеринде ихтиологиялык иштерди жүргүзүүнүн жана контролдук балык уулоонун тартиби 8-тиркемеге ылайык

2. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин санариптештирүү жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү бөлүмү ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык анын расмий жарыяланышын камсыз кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин чечимдерди ишке ашыруу башкармалыгы:

– ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жөнөтсүн;

– ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн.

4. “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өткөрүп берген балык чарбасы чөйрөсүндөгү ченем жаратуу ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин 2019-жылдын 4-мартындагы № 4-дп буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин биринчи орун басарына жүктөлсүн.

7. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**О реализации нормотворческих полномочий в сфере рыбного хозяйства, делегированных Кабинетом Министров Кыргызской Республики**

В целях дальнейшего совершенствования и развития нормативной правовой базы в сфере рыбного хозяйства, в соответствии с пунктом 13 приложения 1 к постановлению Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115 **приказываю:**

1. Утвердить:

– Правила охраны рыбных запасов и среды их обитания согласно приложению 1;

– Порядок закрепления водоемов и рыболовных участков для организации рыбных хозяйств и ведения рыболовства в водоемах Кыргызской Республики согласно приложению 2;

– Рыбоводно-биологические нормы и правила выращивания товарной рыбы и рыбопосадочного материала в рыбных хозяйствах согласно приложению 3;

– Порядок выдачи и использования рыболовных документов и билетов на лов рыбы в научно-исследовательских целях, для контрольного лова, проведения рыбоводно-мелиоративных работ, акклиматизации, зарыбления и воспроизводства согласно приложению 4;

– Порядок проведения работ по специальному отлову производителей промысловых рыб с целью искусственного воспроизводства рыбных запасов согласно приложению 5;

– Порядок предоставления на конкурсной основе юридическим и физическим лицам водоемов для целей рыбоводства, рыборазведения и рыболовства согласно приложению 6;

– Порядок организации и деятельности егерской службы на водоемах и рыболовных участках, закрепленных за юридическими и физическими лицами в целях рыболовства и рыборазведения согласно приложению 7;

– Порядок проведения ихтиологических работ и контрольного лова рыбы в рыбохозяйственных водоемах и на рыболовных участках согласно приложению 8.

2. Отделу цифровизации и развития оказания государственных услуг Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его официальное опубликование в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года №117.

3. Управлению реализации решений Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики:

– в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях с указанием информации об источнике его опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

– в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить копию приказа на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования, в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

4. Признать утратившим силу приказ Министерства сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики «О реализации нормотворческих полномочий в сфере рыбного хозяйства, делегированных Правительством Кыргызской Республики» от 4 марта 2019 года № 4-дп.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на первого заместителя министра водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики.

7. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Министрдин м.у.а.,**
**министрдин биринчи**
**орун басары** **Ж.К. Керималиев**